# ҮЧ ТАРАПТУУ КЕЛИШИМ (АТА-ЭНЕ-ОКУУЧУ-МУГАЛИМ)

**Үч тараптуу келишим (ата-эне—окуучу—мугалим)**

**Орто-Суу айылы**

**Аскер уулу Нурлан атындагы атындагы орто мектеби** **2021-2022 — окуу жылы**

Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеби. класс жетекчи - биринчи тарап, мектептин ата-энелери - экинчи тарап, мектептин окуучулары үчүнчү тарап болуп келишим түзүшөт .

**Жалпы жобо:**

1.Келишим түзгөн 3 тарап тең өз ишин жүргүзүүгө КРнын Мыйзамдарын окутуу-тарбиялоого байланыштуу нормативдик укуктук актыларды: жалпы билим берүүчү мектептер жөнүндөгүжобону түзүлгөн келишимдерди жана мектептин Уставын жетекчиликке алат.

2.Мектеп. ата-эне. окуучулар ортосундагы мамиле түзүлгөн келишимдин негизинде КРнын мыйзамдарынын чегинде аныкталат Окуучулар менен алардын ата-энелеринин ортосундагы мамиле Уставтын негизинде жөнгө салынат.

3.Мектеп.ата-энелер.окуучулар тарабынан түзүлгөн келишим бузулса. өздөрүнө тиешелүү мыйзам чегинде жооп берет .

4.Келишим үч жылдык мөөнөткө чейин иштейт.

5.Келишим 02. 09.20 күчүнө кирет.

6.Тараптар келишимди милдеттүү түрдө аткарууга милдетүү.

**Тараптардын укуктары жана милдеттери.**

**1-тарап. Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектеп төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ.**

1.Балдар.ата–энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар учун жергиликтүү билим берүү мекемелеринде көрүнөө жерлерге уставдарын. ички тартип эрежелеринин тексттерин . ал уюмдардын ишин көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тизмеси алар менен байланышуунун жолдорун көрсөтүү менен илинип коюлат.

2.Мектеп өз ишинде балдардын укуктарын эркиндиктерин жана мыйзамдуу талаптарын чектөөгө жол берилбейт.

3.Баланын мамлекеттик билим берүү мекемесине кирүүсүнө мыйзамда каралбаган чектөөлөргө жол берилбейт.

4.Мектеп акчалай же материалдык кандайдыр бир жыйымдарды, акыларды мажбурлап алууга жол берилбейт.

5.Мектеп басмырлоону жана эриндиктерин окуучулардын кадыр-баркын эске алуу менен тарбиялык мүнөздөмө менен чараларды кылуу менен гана тартипти камсыз кылат.

**Мугалим аткарууга милдетүү жана укуктуу**

1.Окуучуларга убагы менен билим берүүгө.

2.Ички тартип эрежелерин үйрөтүү жана анын аткарылышын дайыма көзөмөлдөө.

3.Окуучулардын сабакка окуу куралдарын толук алып келүүсүн жана окуучулук форма менен кечикпей келүүсүн талап кылууга.

4.Сабак учурундагы окуучунун жүрүш-турушуна. тартибине,тазалыгына жана коопсуздугуна жооп берет.

5.Мугалим КРнын мыйзамдарына ылайык өз укуктарын коргоого укуктуу.

**2-тарап. Аскер уулу Нурланатындагы орто мектебинин окуучулары төмөндөгүдөй укуктарга жана милдеттерге ээ:**

1.Ар бир бала мамлекеттик билим берүү мекемелеринде акысыз мектептик билим алууга укуктуу.

2.Мамлекеттик башталгыч , жалпы жана негизги билим алууга милдеттүүлүгүн, акысыздыгын жана жеткиликтүүлүгүн ошондой эле КРнын мыйзамдарына ылайык жалпы орто билим берүү акысыздыгын кепилдейт.

3. Окуучулардын рассасына , улутуна , социалдык абалына карабай тең укуктуу мамиле кылынат.

4. Ар бир КРнын жараны башталгыч , жалпы жана негизги билим алууга милдеттүү.

5.Окуучулардын бири-бирине үстөмдүк , зордук –зомбулук кылуусуна тыюу салынат жана жол берилбейт.

6. Окуучуларга наркотикалык , таксокоманиялык , жардыргыч , заттарды мектепке алып келүүгө жана пайдаланууга тыюу салынат.

7.Окуучуларга окуу куралдарынан башка курал-жарактарды алып жүрүүгө, мектепке баалуу буюмдарды алып келүүгө тыюу салынат.

8.Ар бир мектеп окуучусу мектептин Уставында белгиленген жүрүш турүш эрежелерин так аткарууга милдеттүү.

**9**.Мектеп тарабынан талап кылынган форманы кийүүгө , окуу куралдарын толук алып келүүгө , сабакка катышууга . тапшырманы өз убагында аткарууга милдеттүү .

10. Спирт ичимдиктерин алып келүүгө , ичүүгө , тамеки тартууга тыюу салынат.
11. Коркутуп, үркүтүү максатында зордук- зомбулук кылууга , күч колдонууга тыюу салынат.
12. Сабак учурунда мугалимге тоскоол болууга , сабактан качууга , себепсиз калууга , кечигип келүүгө тыюу салынат .

**13.**Сабак учурунда сабакты таштап кетүүгө, мечитке барууга, жеке жумуштары менен кетүүгө тыюу салынат.

14. Мектептеги инвентарларды , буюмдарды талкалап, бүлдүрүүгө, эмеректерге жана жабдууларга жазууга тыюу салынат .
15. Окуучу тарабынан келишим бузулса биринчи жолкуда эскертүү, экинчисинде мектептин каттоосуна алынат, үчүнчүсүндө КДД жана ИДНге сунушталат.

**3-тарап Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебинин окуучуларынын ата-энелери төмөндөгүдөй милдеттерге жана укуктарга ээ.**

1. Ата-энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар баланын толуккандуу өсүүсүнө, тарбиялануусуна, билим алуусуна, ден-соолугунун чыныдалышына , үй-бүлөдө жана коомдо өз алдынча жашоого даярдануусуна зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү . Ата – энелердин экөө тең же аларды алмаштырган адамдар баланын тарбиялануусуна, тийиштүү түрдө багыт алуусу, материалдык жактан жана турак-жай менен камсыз болуусу үчүн кам көрүүгө милдеттүү .

2. Ата-энелер жанааларды алмаштыруучу адамдар баланы тарбиялоого, алардын билим алуусуна кам көрүүгө , баланын жаш курагына, жөндөмүнө жараша анын аракттерин башкарууга укуктуу жана милдеттүү.

3. Ата-энелер балдарынын сабактан кийинки учурдагы иш аракеттерин көзөмөлдөөгөжана жооп берүүгө милдеттүү.

**4.**Мектептин уставын аткарууга милдеттүү.

**5.**Ата-энелер чогулушуна катышууга,баланын мектептеги журум-туруму, өздөштүрүүсү тууралуу маалымат алып турууга милдеттүү .

**6.**Баланын билим алуусун көзөмөл кылууга, мектепке уюлдук чөнтөк телефон бербөөгө милдеттүү. Эгерде чөнтөк телефону менен келсе мугалим мектеп администрациясы алып алууга укуктуу.

**7.**Сабактан калтырбай жиберип турууга милдеттүү.

**8.**Баласы же кызы 3 күндөн ашык сабак калтырса мектептин директоруна арыз менен олуттуу себепти тастыктоого милдеттүү.

**9.**Ата-энелерге жалпы билим берүү процессинин бардык катышуучуларына туура эмес, этикага ылайык келбеген лексиканы колдонууга тыюу салынат.

**10.**Ата-энелерге өзү билемдик кылып, мектепте тартип бузган окуучу же зомбулук жасоого шектүү деп эсептелген окуучу менен териштирүү иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат.

**11.**Мектепте коомдук иштерге эмгекке тарбиялоо максатында ишембиликтерге катыштырууга милдеттүү.

**12.**Баланын сабактан кийинки коопсуздугуна ата-эне жооп берүүгө милдеттүү.

**13.**Баланын кечки убакта мечитке баруусуна, көчөдө жүрүүсүнө, мыйзамдан тышкары иш аракеттерине ата-эне жооп берүүгө милдеттүү.

**14.**Мектептин мүлкүн бүлдүрсө, сындырса, окуу китептерин жоготсо буюмдун наркын төлөөгө милдеттүү.

**15.**Башка баланы үйүндө ата-энесинин уруксатысыз эмгекке эксплуатациялоого тыюу салынат.

**Эпидемиялык кырдаалга байланыштуу төмөндөгүдөй келишим түзүлдү.**

1.Келишимдин негизи

**1.1.Класс жетекчинин милдеттери:**

- Окуучуларга окутуу кызматын көрсөтөт жана окуучунун сабакка катышуусун,окуу куралдары менен камсыз болуусун.окуучунун тазалыгын талап кылат.
- Окуу каражаттары менен камсыздайт.
- Жугушсуздандыруучу каражаттар менен күнүмдүк жууп-тазалоо иштерин көзөмөлдөйт.
- Сабактарды ийкемдүү графиктин негизинде атайын жадыбал менен өтөт.
- Сабактардын жадыбалы менен тааныштырып. графикти ата-энелерге кабарлап турат.
- Окуучулардын жеке коргонуучу каражаттарын (кол кап, беткап, антисептик. бир жолу колдонуучу жүз аарчы (салфетка)) жана аралыкты сактоону талап кылат.
- Окуучулардын дене табын өлчөө менен кабыл алат жана ден соолугуна көзөмөл жүргүзөт.
- Эгерде окуучуда кандайдыр бир өзгөрүү болсо. мектептин медайымына, ата-энесине же багуучусуна кабарлайт.
- Кабинеттин ичин мезгил-мезгили менен желдетип турат.
- Кабинеттин ичинде температураны өлчөөчү приборду (градусник. термометр),атайын дары кутучасын даярдайт.
- Ар бир баланын жанында кайнатылган суунун болушун камсыздайт.

- Кабинеттин кире беришине атайын жугушсуздандыруучу каражат куюлган дозатордун болушун көзөмөлдөйт.
- Окуучулардын окуу китептеринин,окуу куралдарынын таза сакталышын талап кылат.
- Окуучулардын класстан тышкаркы иш чараларга, коомдук иштерге катышуусун көзөмөлгө алат.

**1.2.Ата-энесинин (багуучусунун) милдеттери:**

1.Бардык үй-бүлө мүчөлөрүнүн өздүк гигиенасын сактоону,тиричилик жуугучтарын колдонуп,столдордун,эшиктердин,отургучтардын,гаджеттердин ж.б үзгүлтүксүз дезинфекциялоосун камсыздаңыздар.

2. Дайымы балдарды колду самындап жууганга же антисептикти колдонууга үйрөтүңүздөр.
3. Белокторго,витаминдерге жана минералдарга бай тамак-аштарды керектөө менен,дени сак,режимди сактаңыздар.
4. Керексиз саякаттоолордон жана эл көп жүргөн жерлерге баруудан алыс болуңуздар,ошондо сиздер ооруп калуу шартын азайтасыздар.
5. Мумкун болсо балдарыңыздарды мектепке менчик унаа менен алып келип алып кетиңиздер.
6. Ооруну азайтуу үчүн медициналык маскаларды кийиңиздер же башка колдо баркаражаттарды колдонуңуздар:

— курч респератордук вирустук инфекциялардын көбөйүү мезгилинде эл көп жүргөн жерлерге барганда,коомдук транспортто жүргөндө;

— курч респератордук вирустук инфекциянын белгилери бар адамдар менен байланышканда;

— аба аркылуу башка инфекцияларды жуктуруп алуу коркунучунда;

7. Жөтөлүү чүчкүрүү учурунда оозду жана бир жолу колдонулуучу салфетка менен тосуп,аларды колдонуудан кийин таштап салыңыздар.

8. Мектепке барганда социалдык аралыкты (1,5-2) сактаңыздар.

9. Мугалимге балдардын ден-соолугу жөнүндө маалымат берүүнү унутпаңыздар.

**1.3. Окуучулардын милдеттери:**

Өзүңдү жана башкаларды коргоо үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

1.Досторуңдан алыста бол 1,5 метр аралыкты сакта.

2.Колунду самындап жуу жана антисептикти колдон.

3. Бир жолку масканы колдон.
4. Жөтөлгөндө же чүчкүргөндө оозунду чыканак же салфетка менен жаап,колдонулган салфетканы таштандыга ыргытып, колунду жуу.
5. Эл көп чогулган жерлерден алыс бол.
6. Инфекциялык оорулардын таралышына жол бербөө үчүн бир жолу колдонулуучу жеке буюмдарды колдонуу керек.

7.Инфекциялык оорулардын таралышына жол бербөө үчүн дааратканадан чыккандан кийин сөзсүз түрдө колунду самындап жуу.

8. Инфекциялык оорулардын таралышына жол бербөө үчүн тамактанууга чейин,тамактангандан кийин, сөзсүз түрдө колунду самындап жуу.

**1.3 Келишимдин тартиби:**

2.1.Бул келишим шарттары эки тараптардын макулдугу менен өзгөрүлүшү мүмкүн, ал жөнүндө келишимге тиркеме катары протокол түзүлөт.

2.2.Келишим кол коюлган учурдан баштап . күчүнө кирет жана тараптар милдеттерин аткарып бүткөнгө чейин күчүндө болот. же тараптардын макулдашуусуна ылайыкмөөнөтүнөн жокко чыгарылыш мүмкүн.

Окуучуунун ата-энеси (багуучусу): _________ ________________________________

Окуучу: ___________ ________________________________

Колу

Класс жетекчиси: _________ ________________________________

**Ата-энелик укуктар жана милдеттер** – ата-энелердин балдарын эрезеге жеткиче тарбиялап, укуктары жана милдеттери. Алар КРнын Конституциясында жана үй-бүлө кодексинде көрсөтүлгөн. Ата-энелик укуктар баланын төрөлүшүн жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында күбөлөндүрүлгөн документтерге негизделет. Ата-эне өз ара никеде тургандыгына же ажырашкандыгына карабастан, балдарына карата бирдей укукка ээ болуп, бирдей милдетти аткарат. Алар тарбиялоого байланышкан маселелерди өз ара макулдашып чечет, ата-эненин ортосунда чыккан талаштар өздөрүнүн катышуусу менен атайын органдарда чечилет. Ата-эне ажырашканда бала алардын кимисинде калышын өздөрүнчө чече албаса, бул маселени баланын мүдөөсүн көздөө менен сот чечет. Бөлөк жашаган ата же эне баланы тарбиялоого катышууга милдеттүү, ошондой эле бала менен жолугуп турууга укуктуу. Ата-эне балдарын мектепке берүүгө милдеттүү. Мыйзамда ата-эненин укуктарын коргоо жагы да каралган: эресеге жете элек балдарды мыйзамга же соттун чечимине карабастан, бербей кармап турган адамдан аны берүүнү талап кылууга укуктуу. Ата-эне эресеге жете элек, ошондой эле эресеге жеткен, бирок эмгекке жараксыз балдары үчүн кам көрүүгө милдеттүү. Балдарын тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарбай койгон ата-энеге (же алардын бирине) ата-энелик укуктардан ажыратуу чарасы колдонулушу мүмкүн, бирок бул аларды балдар үчүн кам көрүү милдетинен бошотпойт. Ата-эне ата-энелик укуктарын калыбына келтирүүнү талап кылууга акылуу, бул маселе баланын кызыкчылыгын көздөө менен сот тартибинде чечилет.

Мектеп төмөндөгүдөй график менен иштейт;

1-кезмет үчүн

1 смена $8^{00} – 13^{00}$

Окуу жылынын узактыгы майрам жана каникул күндөрүн эсептебегенде 1-класстарда 33 окуу жумасын, 2-4-класстарда 34 окуу жумасын, 5-11-класстарда экзамендик учурду эске алуу менен 34–36 га чейин окуу жумасын түзөт.

1-класстарда сабактан узактыгы 40 минута, 2-11-класстарда 45 минутаны түзөт.

1-11-класстар үчүн жумасына 5 күндүк иш тартиби бекитилген.

**Тараптардын милдеттери**

**Мектептин милдеттери;**

1. Окуучунун интеллектуалдык, нравалык, эмоционалдык жана физикалык өнүгүшүнө жагымдуу шарттарды түзөт жана анын жөндөмүн ар тараптуу өнүктүрөт.
2. Окуучунун эркиндигин жана укугун коргоо кепилдигин алат.
3. Окуучунун окуу процесси учурунда ден соолугу жана өмүрүнө жана көрсөтүлгөн санитардык гигиеналык ченемдердин. талаптардын, эрежелердин сакталышына жооп берет
4. 1-11-класстардын окуучуларынын мамлекттик билим берүү стандартындагы ар бир предметтер боюнча окуу планынын чегинде акысыз билим алуусуна кепилдик берет.
5. Окуу планы, жүгүртмө,билим берүү программалары, окуу китептери менен окуу процесстерин уюштурууга милдетүү.
6. Кошумча билим берүү кызматтарын; ийримдерди, психологиялык жардамдарды көрсөтөт.
7. Ата энелерге (закондуу өкүлдөргө)балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча жардам көрсөтөт.
8. Окуучуларга социалдык жардам жана өз убагында ар кандай конфликттик абалдарда жардам көрсөтөт
9. Окуучулардын сабактардан жетишүүсү, билим берүү процессинин жүрүшү жана мазмуну менен ата энелерге таанышууга мүмкүнчүлүк берүү
10. КР мыйзамдарына ылайык аз камсыз болгон үй бүлөлөрдүн балдарына мектеп мүмкүнчүлүккө жараша жардам көрсөтө алат.
11. Мектеп администрациясы, мугалимдер, класс жетекчилер ИДН менен биргеликте рейдке чыгышат.

**Ата энени милдети**

1. Мектептин Уставында жазылган талаптарды жана мектептин ички тартип эрежесин сактайт.
2. 1-класстарды ата-эне өзү алып келип, өзү алып кетет
3. Окуучуну сабакка кечиктирбей алып келет
4. Баланын мектептен сырткаркы убактагы коопсуздугу ата энелерге милдеттендирилет
5. Окуучу сабакка келбей калган учурда мектепке келип класс жетекчиге же мектеп администрациясына жазуу жүзүндө билдирет.
6. Окуучунун дайыма мектеп формасы менен келүүсүн камсыздайт.
7. Окуучунун ийгиликтүү билим тарбия алуусу үчүн керектүү окуу куралдары жана дене тарбия сабагында спорттук форма менен камсыз кылат.

8. Мектеп менен биргеликте баланын сабактагы жетишүүсүн көзөмөлдөө үчүн күн сайын күндөлүктөрүн текшерип жуманын аягында кол коет.
9. Ата энелер чогулушуна жана окуучунун окуу тарбия маселелери боюнча жекече аңгемелешүү үчүн класс жетекчи, мектеп администрациясы чакырган учурда мектепке келет
10. Мугалимдер жана балдар менен баарлашууда этикалык,моралдык ченемдерди сактайт.
11. Окуучунун күнөөсү менен мектептин мүлкүнө зыян келтирилген учурда мектептин ички тартип эрежесине ылайык келтирилген зыяната эне тарабынан калыбына келтирилет.
12. Жашаган жери боюнча дареги жана телефону өзгөргөн учурда өз убагында класс жетекчиге билдирет.
13. Кечки саат 22ºº кийин эшке чыгарбоого милдеттүү.
14. Чет елкеге кетип жаткан учурда балдарын туугандарыныкына таштап кетсе , баласынын коопсуздугун, бардык укуктарын сактоо милдети тапшырган кишиге милдеттендирилет.  Балдардын жоопкерчилигин өз мойнуна алган адам ата-эне менен бирге нотариустан күбөлендүрүлгөн тил кат тапшырат. Бул учурда келишим ата-эненин ордун баскан адам менен түзүлөт.

**Тараптардын укуктары**

**Мектептин укугу;**

1. Мектептин өнүктүрүү программасын, билим берүүнүн мазмунун, формасын, методун аныктап, окуу планын корректирлеп, окуу программасын жана окуу китептерин тандайт.
2. Мектептин Уставына ылайык иштөө режимин аныктайт( каникулдардын мөөнөтү, сабактардын жүгүртмөсү, нөөмөттөрүн)
3. Окуучунун сабак калтыргандыгына карабастан, окуу жүктөмүнүн толук көлөмдө аткарылышын талап кылат.
4. Мектептин Уставынын негизинде тартип бузган учурда дисциплинардык жаза колдонот жана керектүү учурда сыйлайт.
5. Сабактан себепсиз көп калганда, үй бүлөлүк зордук зомбулукка кабылганда, кароосуз калганда, турмуш шарты оорлогондо, одоно тартип бузганда жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө комиссиясына кайрыла алат

**Ата  эненин укугу**

1. Уставга ылайык мектеп турмушундагы ар кандай иш чараларга активдүү катыша алат
2. Кошумча билим берүү кызматтарын уюштурууда жана билим берүү процессине тиешелүү өзгөртүү киргизүүдө өз сунуштарын бере алат.
3. Мектеп администрациясынын уруксаты менен сабакка катыша алат.
4. Ар кандай конфликтерди сүйлөшүү жолу менен чечүүдө класс жетекчинин, мугалимдин, мектеп администрациясынын иш аракетине жана чечимине макул болбогон учурда Укук бузууларды алдын алуу кеңешине кайрыла алат.